KYRGYZPATENT

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ
# ГОДОВОЙ ОТЧЕТ
# ANNUAL REPORT

2009

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ СЛУЖБА ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИМ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

STATE INTELLECTUAL PROPTRTY SERVICE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

KYRGYZPATENT

# *ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ*
# *ГОДОВОЙ ОТЧЕТ*
# *ANNUAL REPORT*

# 2009

БИШКЕК - 2010

BISHKEK - 2010

© Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматы, 2010
© Государственная служба интеллектуальной собственности Кыргызской Республики, 2010
© State Intellectual Property Service of the Kyrgyz Republic, 2010

Басылманын түп нуска макети Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматы тарабынан даярдалган
Оригинал-макет издания подготовлен Государственной службой интеллектуальной собственности Кыргызской Республики
Original is prepared by the State Intellectual Property Service of the Kyrgyz Republic

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматынын полиграфия бөлүмүндө басылды
Отпечатано в отделе полиграфии Государственной службы интеллектуальной собственности Кыргызской Республики
Printed at Polygraphy Division of the State Intellectual Property Service of the Kyrgyz Republic

| | | |
|---|---|---|
| Нускасы | в бумажном варианте | 40 |
| Тираж | на CD-дисках | 60 |
| Circulation | | |

720021, Бишкек ш., Москва көчөсү, 62, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматы
720021, г. Бишкек, ул. Московская, 62, Государственная служба интеллектуальной собственности Кыргызской Республики
62, Moskovskaya Street, 720021, Bishkek, State Intellectual Property Service of the Kyrgyz Republic

Тел.: (996 312) 68-08-19, 68-16-41; Факс: (996 312) 68-17-03
Tel.: (996 312) 68-08-19, 68-16-41; Fax: (996 312) 68-17-03

http://www.patent.kg E-mail: info@patent.kg

# М А З М У Н У


КИРИШ СӨЗ…………………………………………………………………………………. 5

I. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МҮЛК СИСТЕМАСЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ……………………. 6

II. ЧЕНЕМДЕРДИ ЖАКШЫРТУУ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ………………………………... 6

III. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ……………………………………………………. 7

IV. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МҮЛК ОБЪЕКТИЛЕРИН КОРГОО. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МҮЛК ОБЪЕКТИЛЕРИН ЭКСПЕРТТӨӨ ЖАНА КАТТОО………………………………………………………… 10

V. АВТОРДУК УКУК ЖАНА ЧЕКТЕШ УКУКТАР ОБЪЕКТИЛЕРИН КОРГОО ……………………………………………………….. 28

VI. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МҮЛК УКУКТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ……………………. 30

VII. МААЛЫМАТ ЖАНА БАСМА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ…………………………………… 32

VIII. ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ КӨТӨРМӨЛӨӨ ………………………….. 33

IX. МЕКЕМЕГЕ КАРАШТУУ ТҮЗҮМДӨР…………………………………………………. 33

ТИРКЕМЕ……………………………………………………………………………... 95



**У. Мелисбек**
Директор Государственной службы интеллектуальной собственности
Кыргызской Республики

**У. Мелисбек**
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык
менчик кызматынын директору

**Mr. Ulan Melisbek**
Director of the State Intellectual Property Service of the Kyrgyz Republic

# КИРИШ СӨЗ

Өткөн жыл мекеменин бардык бөлүктөрүнүн маанилүү окуялары, мыкты долбоорлору жана ийгиликтүү иштери менен мазмундуу болду. 2009-жыл маанилүү сөз менен айтканда Кыргызпатент үчүн өзгөрүүлөрдүн жылы болуп калды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматына «KG» домен аймагын башкаруу милдетинин берилиши жана Кыргыз Республикасынын экономикалык артыкчылыктарына багытталган Интеллектуалдык мүлк жана инновациялар боюнча улуттук стратегияны иштеп чыгуу боюнча иштин башталышы негизги окуялардан болду.

Эл аралык кызматташуу дагы ийгиликтүү болду: 2009-жылы Кыргыз Республикасы Кавказ, Борбордук Азия жана Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн топтору боюнча Интеллектуалдык мүлктүн бүткүл дүйнөлүк уюмунун Регионалдык координатору болуп белгиленди.

Бул Кыргызстанда интеллектуалдык мүлк маселелерине олуттуу көңүл бурулгандыгын жана эл аралык деңгээлде интеллектуалдык мүлктү коргоо боюнча биздин өлкөнүн кызыкчылыгын көрсөтүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү бере тургандыгын таанууну билдирет.

Каракчылык жана контрафактуу продуктуларды чыгарууга каршы күрөштү жүргүзүүдө алдыга кадам шилтенди, мыйзамдарга тиешелүү оңдоолорду киргизүүлөр даярдалды. Салттуу билимдер жана генетикалык ресурстар сыяктуу багыттар боюнча активдүү иштер дагы жүргүзүлүүдө.

Биз маалыматтык технологиялар кылымында жашап жатабыз жана бул максималдуу ачыктуулукка карата кыймылды алдын ала белгилейт. Мен жакынкы убакта Кыргызстанда «электрондук өкмөт» иштеп баштаарына, биздин жарандар үчүн Интернетке мүмкүнчүлүк алуу жеңил болоруна, алар Тармактан аларды кызыктырган кандай болбосун маалыматты албастан гана, мамлекеттик органдар менен диалог жүргүзө алышарына ишенем. Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматында өтүнмөлөрдү карап чыгуунун жана иш жүргүзүүнүн жол-жоболорун автоматташтыруу боюнча зор иштер жүргүзүлдү.

Бирок ушул жетишкендиктер менен токтоп калууга болбойт, ар бир кызматкердин өз ишин кийинкиге калтырып коюшу анын натыйжалуу иштешин камсыз кылып турган механизмдин алмаштыргыс тетиги сыяктуу жана интеллектуалдык мүлк системасы өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көрүнүктүү салым киргизет.

Жигердүү жана ынтымактуу жамаат– мына ушулар гана биздин мекеменин негизги кенчи болушу керек. Өз ишин аткарууда кесипкөйлүктүн, тырышчаактыктын, демилге көтөрүүнүн жана жоопкерчиликтүүлүктүн натыйжасында, биздин ар бир кызматкер биздин ведомствонун ишин ушунчалык жогору деңгээлде ишке ашырууда өз салымын киргизет. Ишке олуттуу мамиле кылууга шыктандыруу, кызматкерлердин кесипкөйлүгүн жана билиминин сапатын жогорулатуу – жетекчиликтин негизги милдеттеринин бири болуп эсептелет жана келечекте биз ушул жагдайды мындан ары өркүндөтөбүз.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматынын (Кыргызпатент) мүдүрү** **Улан Мелисбек**

## I. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МҮЛК СИСТЕМАСЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматы бүткүл Кыргыз Республикасынын аймагында интеллектуалдык мүлктү жана салттуу билимдерди коргоо жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү, мамлекеттик орган болуп эсептелинет.

2009-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматы «KG» домен наамдарын башкарууну ишке ашыруучу орган болуп дайындалды. Ушуга байланыштуу, улуттук домен аймагын башкарууну өткөрүп берүү жана Домен аймагын башкаруу борборун түзүү боюнча иш тууралуу Президенттин Жарлыгын ишке ашыруу боюнча иш аткарылды. Борбордун ишмердүүлүгү домен наамдарын бөлүштүрүүнү жана пайдаланууну жөнгө салууга багытталат.

2009-жылдын 26-августунда Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматынын мүдүрү Улан Мелисбекти кабыл алды. Жолугушуунун жүрүшүндө мамлекет башчысына мүдүр «Улуттук домен наамдарынын системасынын иштешин уюштуруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын ишке ашыруунун жүрүшү, ошондой эле Кыргыз Республикасында интеллектуалдык мүлктүн абалы тууралуу маалымат берди.

2009-жылдын 20-октябрында Мамлекеттик башкарууну реформалоо маселелери боюнча республикалык кеңешмеде биздин мекеме Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн курамынан чыгарыла тургандыгы жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматы болуп кайра түзүлө тургандыгы айтылган.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматынын мүдүрү Улан Мелисбектин Женевага болгон ишсапарынын учурунда ИМБДУнун генералдык мүдүрү мырза Фрэнсис Гарри менен жолугушуусу болду. Жолугушууда Кыргызстандын экономикалык артыкчылыктарына багытталган интеллектуалдык мүлк жана инновациялар боюнча улуттук стратегияны иштеп чыгуу боюнча сүйлөшүштү. Улуттук стратегияны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу өз максаты катарында улуттук интеллектуалдык жана инновациялык ишмердүүлүк системасын түзүүнү эсептейт, ал интеллектуалдык мүлк объектилерине укук рыногун түзүүгө, ошондой эле өлкөнүн илимий-изилдөө дараметин туруктуу экономикалык өсүүнүн негизги байлыктарынын бирине айлантууга негизделет.

Өлкөнүн жогору атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздоонун бири болуп билимге негизделген күчтүү экономиканын орношу, инновацияларды ишке ашырууга инвестицияларды жумшоо жана ишкерликти көтөрмөлөө эсептелет.

## II. ЧЕНЕМДЕРДИ ЖАКШЫРТУУ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматы тарабынан 2009-жылы интеллектуалдык мүлк жаатында ченемдик укуктук базаны жакшыртуу максатында бир катар ченемдик укуктук актылар иштелип чыкты жана тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык мүлктү коргоонун эл аралык системасына интеграциялоо максатында төмөнкүлөр кабыл алынды:

– «Дүйшөмбү шаарында 2007-жылдын 6-октябрында кол коюлган Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим Уюмунун алкагында аскер-экономикалык кызматташуунун жүрүшүндө алынган жана пайдаланыла турган интеллектуалдык ишмердүүлүк натыйжаларына укуктарды өз ара коргоо жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Аталган Макулдашуунун негизги максаты болуп Катышуучу-өлкөлөрдүн Тараптардын аймагында алардын улуттук мыйзамдарына ылайык көптараптуу же экитараптуу аскер-экономикалык кызматташуунун жүрүшүндө алынган жана пайдаланыла турган интеллектуалдык ишмердүүлүк натыйжаларына укуктарды коргоону камсыздоо үчүн шарттарды түзүү эсептелет;

– Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик патент кызматы менен Австрия патентик ведомствосунун ортосунда кызматташуу жөнүндө макулдашуунун долбоорун жактыруу тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 3-июлундагы №361-р буйругу;

– Автордук укук боюнча Интеллектуалдык мүлктүн бүткүл дүйнөлүк уюмунун келишимин жана Аткаруулар жана фонограммалар боюнча Интеллектуалдык мүлктүн бүткүл дүйнөлүк уюмунун келишимин ратификациялоодо Кыргыз Республикасынын алган милдеттенмелерин ишке ашыруу максатында даярдалган «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-октябрындагы №655 токтому. Бул келишимдер авторлорго, аткаруучуларга, фонограмма чыгаруучуларга, эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдарына маалыматтык технологиялар жана Интернеттин өнүгүшүнө байланыштуу жаңы ыйгарым укуктарды бекитет;

– Мамлекеттик органдарга жана уюмдарга «салттуу билимдер» категориясына тиешелүү билимдерди туура келгендигин  белгилөө боюнча ыйгарым укуктарды жүктөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 9-июлундагы №371-б буйругу, ал билим «салттуу» категориясына киргендигин, ошондой эле салттуу билимдин иш жүзүндө пайдаланыла тургандыгын жана анны пайдаланууда оң натыйжа бергендигин тастыктаган расмий документтерди берүү боюнча ыйгарым укуктар жүктөлгөн компетенттүү органдардын жана мекемелердин тизмесин аныктайт;

– 2009-жылдын 7-апрелиндеги «Улуттук домен аталыштарынын системасынын иштешин уюштуруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын ишке ашыруу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 29-июлундагы № 483 токтому.

Бул токтом менен Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматына караштуу «KG» домен аймагын башкаруу борборунун түзүлүшү караштырылган.

Интеллектуалдык мүлк жаатындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларын 2007-жылдын 16-мартындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболорун ишке ашыруу боюнча чараларды уюштуруу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Президентинин №96 Жарлыгына ылайык келтирүү максатында «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2009-жылдын 19-сентябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №603 токтому кабыл алынган. Токтом 1999-жылдын 8-декабрындагы №669 «Ойлоп табууларды укуктук коргоо жаатында мамлекеттер аралык жашырын сырды сактоону өз ара камсыздоо жөнүндө макулдашууну бекитөө жөнүндө», 1999-жылдын 8-декабрындагы №670 «Жалган товардык белгилерди жана географиялык көрсөтмөлөрдү пайдалануунун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндө макулдашууну бекитүү тууралуу», жана 2000-жылдын 3-июнундагы №317 «Интеллектуалдык менчик жаатындагы укук бузууларга бөгөт коюу боюнча кызматташуу жөнүндө макулдашууну бекитүү тууралуу» токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караштырат.

Ошондой эле интеллектуалдык мүлктүн өзүнчө объектилери боюнча мамилелерди айкындоочу ар түрдүү жоболор жана эрежелер түрүндө мыйзамдык ченемдик актылар иштелип чыкты.

## III. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ

Кыргызпатенттин Интеллектуалдык мүлктүн бүткүл дүйнөлүк уюму (мындан ары – ИМБДУ), Евразия патентик уюму (мындан ары – ЕАПУ), ошондой эле айрым өлкөлөрдүн патенттик ведомстволору сыяктуу интеллектуалдык менчиктин эл аралык жана регионалдык уюмдары менен активдүү кызматташуусу улантылууда.

Өткөн жылдын негизги окуяларынан бири Кыргыз Республикасынын Кавказ, Борбордук Азия жана Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн топтору боюнча ИМБДУнун Регионалдык координатору болуп дайындалышы болуп калды. Бул топко 11 мамлекет кирет: Россия Федерациясы, Беларусь, Украина, Тажикстан, Казакстан, Армения, Түркмөнстан, Азербайжан, Өзбекстан, Грузия жана Кыргызстан. Ушул күнгө чейин анда ушул өлкөлөрдүн бардыгынын атынан Россия жетекчилик кылып келген. Бирок ушул жылы Кыргызстан жогорудагы региондордун кызыкчылыгын көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн алды.

Интеллектуалдык мүлк жаатындагы эл аралык кызматташууну өнүктүрүү жана макулдашуулардын күчүнө кириши үчүн мамлекеттин ички жол-жоболорун өткөрүү максаттарында Кыргызпатент тарабынан төмөнкүдөй иш-чаралар өткөрүлдү.

2009-жылдын 7-апрелиндеги «Улуттук домен аталыштарынын системасынын иштешин уюштуруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын аткаруу үчүн «KG» жогорку деңгээлиндеги доменди башкарууга Кыргызпатентке укукту өткөрүп берүү боюнча (ICANN) наамдарды жана даректерди ыйгаруу боюнча Интернет-корпорациясы менен байланыш түзүлдү жана маалымат алуу улантылууда.

ICANNга «КГ» кириллицада домен наамын башкарууга өтүнмө берилген. Ушул тема боюнча КРнын Интернет-коомдорунун кызыкчылыктарын эске алып, пресс-конференциялар өткөрүлдү.

2009-жылдын 14-июлунан 16-июлуна чейин Чолпон-Ата шаарында (Кыргызстан) ИМБДУнун демилгеси менен интеллектуалдык мүлк чөйрөсүндө университетттик координаторлор үчүн регионалдык форум өттү. Форумга Армения, Азербайжан, Беларусь, Грузия, Казакстан, Молдова, Россия Федерациясынын, Украина, Тажикстан, Өзбекстан жана Кыргызстандын өкүлдөрү, Венгрия, Улуу Британиянын инновациялык ишмердүүлүк жаатындагы эксперттер, ошондой эле ИМБДУнун өкүлдөрү катышышты. Форумдун негизги максаты интеллектуалдык мүлктү эң натыйжалуу жана кеңири пайдалануу, негизинен жогорку окуу жайларында трансфер билимдер чөйрөсүндө катышуучу-өлкөлөрдүн ортосунда тажрыйба алмашуу болду.

2009-жылдын 24-сентябрында Австрия патенттик ведомствосу менен кызматташуу жөнүндө ведомстволор аралык макулдашууга кол коюлду. Макулдашуунун максаты - интеллектуалдык мүлктү коргоо жаатындагы кызматташуу.

2009-жылдын 22-сентябрынан 1-октябрга чейин Женева шаарында ИМБДУнун мүчө-мамлекеттеринин Ассамблеясынын отурумунун 47-сериясы болуп өттү, анын алкагында Кыргыз Республикасын айрым өлкөлөр боюнча ИМБДУнун Регионалдык координатору катарында шайлоо жөнүндө чечим кабыл алынган. ИМБДУнун штаб-квартирасында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматынын мүдүрү Улан Мелисбектин ИМБДУнун башкы директору Фрэнсис Гарри менен жолугушуусу болду. Жолугушууда интеллектуалдык мүлк жана инновациялар боюнча улуттук стратегияны иштеп чыгуу боюнча сүйлөшүштү, ИМБДУга регионалдык адистерден кадрларды сунуштоо маселелери талкууланды, ИМБДУнун башкы директору Фрэнсис Гарри тарабынан автордук укукту жамааттык башкаруу боюнча коомду түзүүнүн идеясы колдоого алынды.

2009-жылдын 5-6-октябрында Скопье шаарында (Македония) интеллектуалдык мүлк укуктарын ишке ашыруу боюнча Региондор аралык симпозим болуп өттү. Бул иш-чаранын максаты: региондордо контрафакттуулук жана «каракчылыктын» өсүү масштабын, натыйжасын, темптерин аныктоодон, чек ара жанындагы чараларды жакшыртуудан жана мыйзамсыз товар жүгүртүү көйгөйлөрүн талкуулоодон, үзүрлүү улуттук жана регионалдык стратегияны иштеп чыгууну кошкондо, мамлекеттик органдар менен жеке секторлордун ортосундагы стратегиялык өз ара аракеттенүүдөн турат. Симпозиумда маалымат алмашуу тармагын өнүктүрүү жана тийиштүү чекиттерин түзүү, маалыматтуулукту жогорулатуу үчүн аспаптарды ойлоп табуу маселелери, ошондой эле «Өткөөл экономикалуу өлкөлөрдө интеллектуалдык мүлк жаатындагы укуктарды колдонуу» деген ИМБДУнун сунуштамасы каралып чыкты.

2009-жылдын 9-ноябрында Бишкек ш., БУУнун Азия жана Тынч океан үчүн Экономикалык жана социалдык комиссиясы менен кызматташууда Европа экономикалык комиссиясы (БУУ ЕЭК) тарабынан уюштурулган билимдерге негизделген экономиканы өнүктүрүү боюнча СПЕКАнын (Борбордук Азиянын экономикасы үчүн БУУнун атайын программасы) Долбоордук жумушчу тобунун экинчи сессиясы өттү. Иш-чаранын алкагында 2010-2011-жылдар үчүн программа угулду жана бекитилди. Ушул программага ылайык 2010-2011-жылдары БУУ ЕЭКнын долбоорлору ишке ашырылат, алардын ичинде: билимге негизделген экономиканын өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү үчүн саясат жана практикалык аспаптар чөйрөсүндө дараметти бекемдөө, ошондой эле инновациялык ишмердүүлүккө негизделген маалыматтык-коммуникациялык технологиялар саясат чөйрөсүндө атаандаштыкка колдоо көрсөтүү жана электрондук сооданы өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү.

2009-жылдын 10-ноябрында билимге негизделген экономиканы өнүктүрүү боюнча СПЕКА программасынын алкагында инновациялык ишканаларды, интеллектуалдык мүлктү коммерциялаштыруу жана мамлекеттик-жеке өнөктүктү каржылоо жаатында дараметти өрчүтүү боюнча регионал-

дык семинар өттү. Семинардын жүрүшүндө билимге негизделген экономиканы өнүктүрүүдө интеллектуалдык мүлк укуктарынын ролу талкууланды.

2009-жылдын 25 жана 26-ноябрында ИМБДУ менен бирге Автордук укук боюнча жана Аткаруулар жана фонограммалар боюнча ИМБДУнун келишимдерин: «Интернет келишимдерин» ишке ашыруу боюнча улуттук семинар уюштурулуп өткөрүлдү. Семинардын ишинин алкагында өткөөл экономикалуу өлкөлөрдүн шартында ИМБДУнун «Интернет келишимдерин» ишке ашыруу маселелери, ошондой эле санарип чөйрөдө автордук укук жана чектеш укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн укуктук жана техникалык жол-жоболор каралып чыкты.

Интеллектуалдык мүлктү коргоо жаатында ар башка өлкөлөрдүн эл аралык уюмдары жана ведомстволору менен кызматташууну кеңейтүүнүн алкагында (ИМБДУ, ЕАПВ, УПОВ ж.б.) адистер төмөнкүдөй иштерге катышышты:

– Турцияда (Анкара) UNECEнин чакыруусу боюнча интеллектуалдык мүлк жаатындагы адистердин топторунун отуруму;

– Женевада ИМБДУнун мүчө-өлкөлөрүнүн Ассамблеясынын отурумунун 47-сериясы, анын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматы менен Чехия патенттик ведомствосунун ортосундагы кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюлду, бул тууралуу ведомствонун жетекчилигинин ИМБДУнун Программасынын алкагында тажрыйба алмашуу боюнча тааныштыруу ишсапарынын учурунда сүйлөшүүлүр жүргүзүлгөн;

– Интеллектуалдык мүлк, генетикалык ресурстар, салттуу билимдер жана фольклор боюнча ИМБДУнун Өкмөттөр аралык комитетинин сессиясы;

– Чакан жана орто ишканалардын менеджментинин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн регионалдык форуму, ошондой эле Экономикалык өнүгүү максатында илим жана бизнес менен иштеген аялдар үчүн интеллектуалдык мүлк боюнча эл аралык конференция. Бул иш-чара ИМБДУ, Польша патентттик ведомствосу жана Интеллектуалдык мүлк боюнча Корея ведомствосу менен бирге уюштурулду (Варшава, Польша).

– Интеллектуалдык мүлк жаатында укук бузуулардын алдын алуу боюнча кызматташуу жөнүндө макулдашуунун катышуучу-өлкөлөрүнүн биргелешкен жумушчу комиссиясынын XVIII отуруму (Минск, Беларусь);

– ЕАПО жана Тажикстан Республикасынын экономикалык өнүгүү жана соода министрлигинин Улуттук патентик-маалыматтык борбору менен бирге кызматташууда ИМБДУ уюштурган «Заманбап патенттик ведомствону автоматташтыруу жана өтүнмөлөрдү электрондук берүү» деген семинары;

– Инновациялык ишмердүүлүктүн негизинде атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү камсыздоо үчүн технологиялык жактан даяр болуу маселелери боюнча эл аралык конференция: саясаттын жагымдуу негиздерин калыптандырууга жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар тармагында жөнгө салууга көмөк берүү (Женева, Швейцария);

– Товардык белгилер, өнөр жай үлгүлөрү жана географиялык көрсөтмөлөр боюнча ИМБДУнун Туруктуу комитетинин 21-отуруму (Женева, Швейцария);

– Өнөр жай менчиги боюнча ИМБДУнун эл аралык семинары (Женева, Швейцария);

– Товардык белгилер жөнүндө мыйзам боюнча Сингапур келишими боюнча ИМБДУнун регионалдык семинары (Молдова);

– Кызматташуу боюнча Азия Регионалдык фонду уюштурган интеллектуалдык мүлк жана орто жана чакан ишканалар боюнча семинары (КНР);

– ИМ боюнча Канада ведомствосу менен бирге ИМБДУ тарабынан уюштурулган уюштурган интеллектуалдык мүлк жаатындагы тейлөө кызматын көрсөтүүдө башкаруу технологияларын колдонуу боюнча патентик ведомстволордун жетекчилери үчүн семинар (Канада);

– ЕАПУнун Административдик кеңешинин 22-отуруму жана ЕврАзЭСке мүчө-мамлекеттердин патенттик ведомстволорунун жетекчилеринин отуруму (Москва, РФ);

– Өткөөл экономикалуу өлкөлөрдө интеллектуалдык мүлктү өнүктүрүүнүн жана илгерилетүүнүн ролу боюнча ИМБДУнун семинары (Прага, Чехия);

– «КМШ өлкөлөрүндө инновациялык ОЧИнин (орто жана чакан ишканалар) ролун өркүндөтүү боюнча сунуштар» деген ИМБДУнун семинары (Киев, Украина);

– Интеллектуалдык мүлк, генетикалык ресурстар, салттуу билимдер жана фольклор боюнча ИМБДУнун Өкмөттөр аралык комитетинин 15-сессиясы (Женева, Швейцария).

# IV. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МҮЛК ОБЪЕКТИЛЕРИН КОРГОО

## Өнөр жай мүлк объектилерин жана селекциялык жетишкендиктерди эксперттөө жана каттоо

### 4.1 Ойлоп табуулар

2009-жылы ойлоп табууларга келип түшкөн өтүнмөлөрдүн оң динамикасы белгиленди. Отчёттук жылы Кыргызпатентке ойлоп табууларга 149 өтүнмө келип түштү, бул 2008-жылы келип түшкөн өтүнмөлөрдүн санына салыштырганда 8 %га көбүрөөк, алардын 146 – улуттук өтүнүүчүлөрдөн жана 3 өтүнмө чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн (Россия Федерациясы, Казакстан Республикасы жана Кытай Эл Республикасы).

2009-жылы өтүнмө алуучу ведомство катарында Кыргызпатентке PCT жол-жоболору боюнча бир өтүнмө келип түштү.

Кыргыз Республикасында патент системасы түзүлгөн учурдан тартып, 1993-жылдан 2009-жылга чейин бардыгы 2368 өтүнмө келип түшкөн.

Акыркы 10 жылдын ичинде келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы 4.1.1-диаграммада келтирилди.

*4.1.1-диаграмма*




4.1.2-таблицада жана 4.1.2-диаграммада Эл аралык патенттик классификациялоонун (ЭПК) бөлүктөрү боюнча 2009-жылы ойлоп табууларга патент берүүгө берилген өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү жөнүндө маалыматтар келтирилди.

*4.1.2-таблица*

| ЭПКнын бөлүктөрү | | Өтүнмөлөрдүн саны | Үлүшү % менен |
|---|---|---|---|
| **A** | Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу | 63 | 42,3 |
| **B** | Ар кандай технологиялык жагдайлар | 13 | 8,7 |
| **C** | Химия; металлургия | 12 | 8,1 |
| **D** | Текстиль; кагаз | 2 | 1,3 |
| **E** | Курулуш; тоо-кен иштери | 14 | 9,4 |
| **F** | Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соргучтар; курал-жарак жана ок-дары; жардыруу жумуштары | 32 | 21,5 |
| **G** | Физика | 10 | 6,7 |
| **H** | Электр кубаты | 3 | 2,0 |
| | Бардыгы: | 149 | 100 |

*4.1.2- диаграмма*




2009-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик интеллектуалдык мүлк кызматынын Ойлоп табууларынын мамлекеттик реестринде өтүнүүчүлөрдүн жоопкерчилигиндеги 87 патент катталды, алардын бир өтүнмөсү Индия Республикасынын өтүнүүчүсүнөн, калганы улуттук өтүнүүчүлөрдөн келип түшкөн.

1993-жылдан 2009-жылга чейин бардыгы 1598 ойлоп табуулар катталды, анын ичинен 377 – патенттер, 1221 – өтүнүүчүлөрдүн жоопкерчилигиндеги патенттер менен корголот.

Ушул эле мезгилде Кыргыз Республикасынын аймагында корголуучу ойлоп табуулардын жалпы саны – 3588 түздү,

анын ичинен:

улуттук жол-жоболор боюнча – 354;

евразия патенттери – 3234.

4.1.3-таблицада жана 4.1.3-диаграммада ЭПКнын класстары боюнча катталган ойлоп табууларды бөлүштүрүү жөнүндө маалыматтар келтирилди.

*4.1.3-таблица*

| **ЭПКнын бөлүктөрү** | **Өтүнүүчүлөрдүн жоопкерчилигиндеги патенттердин саны** |
|---|---|
| A | 38 |
| B | 8 |
| C | 13 |
| D | 1 |
| E | 5 |
| F | 12 |
| G | 4 |
| H | 6 |
| **Бардыгы:** | **87** |

*4.1.3- диаграмма*




## 4.2 Пайдалуу моделдер

2009-жылы Кыргызпатентке пайдалуу моделдерге 12 өтүнмө, алардын ичинен 10 өтүнмө улуттук өтүнүүчүлөрдөн жана 2 өтүнмө Россия Федерациясынан келип түштү.

4.1.2-таблицада жана 4.1.2-диаграммада 2009-жылы пайдалуу моделдерге патент берүүгө берилген өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү жөнүндө маалыматтар келтирилди.

**2009-жылы пайдалуу моделдерге патент берүүгө берилген өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү**

| ЭПКнын бөлүктөрү | | Өтүнмөлөрдүн саны | Үлүшү % менен |
|---|---|---|---|
| **A** | Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу | 1 | 8,3 |
| **B** | Ар кандай технологиялык жагдайлар | 3 | 25 |
| **E** | Курулуш; тоо-кен иштери | 6 | 50 |
| **F** | Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соргучтар; курал-жарак жана ок-дары; жардыруу жумуштары | 2 | 16,7 |

*4.2.1-диаграмма*

**2009-жылы пайдалуу моделдерге патент берүүгө берилген өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү**




4.2.2-таблицада жана 4.2.2-диаграммада 1993-2009-жылы пайдалуу моделдерге патент берүүгө берилген өтүнмөлөрдүн келип түшүшүнүн динамикасы көрсөтүлдү.

*4.2.2-таблица*

| Аталышы | Жылдар | | | | | | | | | | | | | | | | | Бар-ды-гы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | |
| Өтүнмөлөрдүн саны, бардыгы: | - | 5 | 9 | 8 | 13 | 10 | 8 | 5 | 6 | 8 | 10 | 9 | 3 | 5 | 17 | 7 | 12 | 135 |
| анын ичинде: | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| – улуттук өтүнүүчүлөрдөн | - | 5 | 6 | 8 | 13 | 10 | 8 | 5 | 6 | 8 | 9 | 7 | 3 | 5 | 14 | 6 | 10 | 123 |
| – чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн | - | - | 3 | - | - | - | - | - | - | - | 1 | 2 | - | - | 3 | 1 | 2 | 12 |

*4.2.2-диаграмма*




2009-жылы Пайдалуу моделдердин мамлекеттик реестринде 15 пайдалуу моделдер катталды. 2010-жылдын 1-январына карата бардыгы болуп 101 пайдалуу моделдер катталды.

4.2.3-таблицада 2008-жылы ЭПКнын класстары боюнча катталган пайдалуу моделдер жөнүндө маалыматтар келтирилди.

*4.2.3-таблица*

| **ЭПКнын бөлүктөрү** | **Саны** |
|---|---|
| A | 1 |
| B | 2 |
| E | 5 |
| F | 5 |
| G | 1 |

## 4.3 Өнөр жай үлгүлөрү

2009-жылы өнөр жай үлгүлөрүнө коргоо документтерин берүүгө 19 өтүнмө келип түштү, анын ичинен: 13 – улуттук өтүнүүчүлөрдөн (4 – юридикалык жактардан, 9 – жеке жактардан) жана 6 өтүнмө – чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн (5 – юридикалык жактардан, 1 – жеке жактардан). Чет өлкөлүк өтүнмөлөр төмөндөгү өлкөлөрдөн берилди: 5 – Россия Федерациясынан, 1 – АКШдан.

4.3.1-таблицада жана 4.3.1-диаграммада өнөр жай үлгүлөрүнө патент берүүгө 2008-2009-жылдары түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар келтирилди.

*4.3.1-таблица*

| **Көрсөткүчтүн аталышы** | **Жылдар** | | **2008-жылга салыштырганда, % менен** |
|---|---|---|---|
| | **2008** | **2009** | |
| Бардык өтүнмөлөрдүн саны:<br>анын ичинен: | 22 | 19 | 86,3 |
| улуттук өтүнүүчүлөрдөн | 8 | 13 | 162,5 |
| чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн | 14 | 6 | 42,8 |

*4.3.1-диаграмма*




4.3.2-таблицада жана 4.3.2-диаграммада өнөр жай үлгүлөрүнө патент берүүгө 1995-2009-жылдары улуттук жол-жоболор боюнча келип түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар келтирилди.

*4.3.2-таблица*

| Өлкөлөр | Өлкөнүн коду | Жылдар | | | | | | | | | | | | | | | Бар-дыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1995** | **1996** | **1997** | **1998** | **1999** | **2000** | **2001** | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | |
| АКШ | US | 1 | 5 | 2 | 3 | 7 | - | - | - | 9 | - | - | 1 | 1 | 3 | 1 | 33 |
| Германия | DE | - | - | - | - | - | 1 | - | 3 | - | - | - | - | - | - | - | 4 |
| Италия | IT | - | - | - | - | - | 1 | - | - | - | - | - | 1 | - | - | - | 2 |
| Кыргызстан | KG | 6 | 2 | 9 | 2 | 1 | 5 | 12 | 9 | 7 | 7 | 23 | 8 | 7 | 8 | 13 | 119 |
| Кытай | CN | - | - | - | - | - | - | 1 | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 |
| Корея Республикасы | KR | - | - | 1 | 6 | 4 | - | - | - | - | 4 | 3 | 4 | - | 1 | - | 23 |
| Лихтенштейн | LI | - | - | 1 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 |
| Нидерланд | NL | - | - | 1 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 |
| Россия Федерациясы | RU | - | - | | 1 | - | - | - | - | - | - | 2 | 3 | 2 | 2 | 5 | 15 |
| Түркия | TR | - | - | | - | 2 | - | - | - | | | | | - | - | - | 2 |
| Улуу Британия | GB | - | - | 1 | 1 | - | - | 5 | - | - | - | - | - | - | - | - | 7 |
| Франция | FR | - | - | 1 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 |
| Финляндия | FI | - | - | 1 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 |
| Эстония | EE | - | - | - | - | - | 2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 2 |
| Япония | JP | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 | 1 | - | - | - | 2 | - | 4 |
| Казакстан | KZ | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 | 8 | 6 | 4 | - | - | - | 19 |
| Индия | IN | - | - | | - | - | - | - | - | - | 1 | - | - | - | - | - | 1 |
| Норвегия | NO | - | - | - | - | - | - | - | | - | - | 1 | | - | - | - | 1 |
| Австрия | AT | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 | 4 | - | 5 |
| Кайман аралдары | KY | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 | - | - | 1 |
| Беларусь Республикасы | BY | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 | - | 1 |
| Украина | UA | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 | - | 1 |
| **Бардыгы:** | | **7** | **7** | **17** | **13** | **14** | **9** | **18** | **12** | **18** | **21** | **35** | **21** | **12** | **22** | **19** | **245** |

*4.3.2-диаграмма*




2009-жылы Гаага макулдашуусунун жол-жоболору боюнча 173 өтүнмө түштү.

4.3.3-таблицада Өнөр жай үлгүлөрүн эл аралык классификациялоонун класстары (ӨҮЭК) боюнча өнөр жай үлгүлөрүнө өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү берилди.

*4.3.3-таблица*

| Класс | Буюмдардын арналышы | Өтүнмөлөрдүн саны |
|---|---|---|
| *1* | *2* | *3* |
| 01 (01-04) | Тамак-аш продуктулары | 1 |
| 02 (02-01,04,05,07) | Кийимдердин предметтери, галантерея | 4 |
| 03 (03-01,03) | Башка класстарга киргизилбеген, жол буюмдары, кутулар, кол чатырлар жана жеке пайдалануу буюмдары | 2 |
| 05 (05-06) | Текстилдик өлчөмдүү буюмдар, жасалма жана чыныгы өлчөнүүчү материалдар | 1 |
| 07 (07-03,05) | Башка класстарга киргизилбеген үй тиричилигинин буюмдары | 2 |
| 09 (09-01,02,03,07) | Товарларды ташуу же сактоо үчүн пайдаланылуучу идиштер, таңгактар жана контейнерлер | 12 |
| 10 (10-02,04,06,07) | Ченөө, текшерүү жана беги берүү үчүн сааттар, башка аспаптар | 105 |
| 11 (11-01) | Жасалгалоо буюмдары | 22 |
| 12 (12-02) | Унаа каражаттары жана көтөргүч түзүлүш | 1 |
| 13 (13-01,03) | Электр кубатын алуу, бөлүштүрүү жана кайра түзүү үчүн жабдуулар | 6 |
| 14 (14-03) | Маалымат жазуу, берүү жана жарнамалоо үчүн жабдуулар | 3 |
| 20 (20-02) | Соода жана жарнак үчүн жабуулар, көрсөтүүчү белгилер | 4 |
| 23 (23-04) | Суюктукту жана газдарды бөлүштүрүү үчүн жабдуулар, санитардык жабдуулар, жылытуу, желдетүү үчүн жабдуулар, катуу отун | 3 |

| *1* | *2* | *3* |
|---|---|---|
| 25 (25-02) | Курулуш материалдары, конструкциялар жана алардын элементтери | 2 |
| 26 (26-05) | Жарык кылуучу аспаптар жана түзүлүштөр | 1 |
| 32 (32-00) | Графикалык символдор жана графикалык элементтер (логос), үстүртөн коездочу мотивдер, жасалгалар | 1 |
| 99 (99-00) | Ар түрдүүлөр | 3 |
| **Бардыгы** | | **173** |

2009-жылы Өнөр жай үлгүлөрүнүн мамлекеттик реестринде 3 патент жана өтүнүүчүнүн жоопкерчилигиндеги 17 патент катталды.

2010-жылдын 1-январына карата өнөр жай үлгүсүнө 58 патент, өтүнүүчүнүн жоопкерчилигиндеги 107 патент катталды.

4.3.4-таблицада Өнөр жай үлгүлөрүнүн мамлекеттик реестрине киргизилген өнөр жай үлгүлөрүн алардын ээлеринин кайсы өлкөгө тийиштүү экендиктери боюнча бөлүштүрүлүшү келтирилди.

*4.3.4-таблица*

| **Өлкөлөр** | **Өлкөнүн коду** | **Патенттердин саны** | **Өтүнүүчүлөрдүн жоопкерчилигиндеги патенттердин саны** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | | 11 | 11 |
| Корея | KR | | 1 | 1 |
| Россия | RU | 2 | 1 | 3 |
| Беларусь | BY | | 1 | 1 |
| Япония | JP | | 2 | 2 |
| Австрия | AT | 1 | | 1 |
| Украина | UA | | 1 | 1 |
| Бардыгы: | | 3 | 17 | 20 |

4.3.5-таблицада алардын ээлеринин кайсы өлкөгө тийиштүү экендиктери боюнча өнөр жай үлгүлөрүнө өтүнмөлөрдүн бөлүштүрүлүшү келтирилди.

*4.3.5-таблица*

| **Өлкөлөр** | **Өлкөнүн коду** | **Өтүнмөлөрдүн саны** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** |
| *1* | *2* | ***3*** | ***4*** | ***5*** | ***6*** | ***7*** |
| Бельгия | BE | 1 | 2 | 7 | 4 | 4 |
| Германия | DE | 4 | 15 | 9 | 11 | 8 |
| Түркия | TR | 3 | 5 | 7 | 7 | 8 |
| Италия | IT | - | - | 1 | - | 6 |
| Нидерланд | NL | 7 | 3 | 5 | 5 | 2 |
| Франция | FR | 7 | 9 | 4 | - | 4 |
| Швейцария | CH | 194 | 204 | 204 | 187 | 132 |
| Словения | SI | - | 1 | - | - | - |
| Молдова | MD | - | 1 | - | - | - |
| Болгария | BG | 1 | - | 1 | 2 | - |
| Испания | ES | - | 1 | 1 | 4 | - |

| *1* | *2* | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Венгрия | HU | - | - | 1 | 1 | - |
| Бенилюкс | BX | - | - | 2 | - | - |
| Лихтенштейн | LI | - | - | 1 | - | - |
| Европалык Союз | EU | - | - | - | 5 | - |
| Греция | GR | - | - | - | 1 | - |
| Сенегал | SN | - | - | - | 1 | - |
| Монако | MC | - | - | - | 1 | - |
| Украина | UA | - | - | - | - | 4 |
| Польша | PL | - | - | - | - | 3 |
| Египет | EG | - | - | - | - | 1 |
| Люксембург | LU | - | - | - | - | 1 |
| **Бардыгы** | | **217** | **241** | **243** | **229** | **173** |

## 4.4 Товардык белгилер

2009-жылы улуттук жол-жобо боюнча товардык белгилерди каттоого 646 өтүнмө түштү, бул 2008-жылы түшкөн өтүнмөлөрдүн санынан 86,13 %ды түзөт

Көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде Мадрид макулдашуусунун жана Мадрид макулдашуусуна карата Протоколдун жол-жобосу боюнча товардык белгилерди каттоого 2595 өтүнмө берилди жана 1528 каттоо өз күчүн узартышты. Өткөн жылга салыштырмалуу ушул жылы Мадрид системасы боюнча өтүнмөнүн түшүшү болжол менен 14,8 %га азайды.

4.4.1-таблицада жана 4.4.1-диаграммада 2008-жылга салыштырмалуу 2009-жылы түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө статистикалык маалыматтар келтирилди.

*4.4.1-таблица*

**2008-2009-жылдары товардык белгилерди каттоого түшкөн өтүнмөлөрдүн саны**

| **Көрсөткүчтүн аталышы** | **Жылдар** | | **2008-ж. салыштырганда (%) менен** |
|---|---|---|---|
| | **2008** | **2009** | |
| Улуттук жол-жоболор боюнча түшкөн өтүнмөлөрдүн саны, | 750 | 646 | 86,13 |
| анын ичинен: | | | |
| улуттук өтүнүүчүлөрдөн | 239 | 227 | 94,98 |
| чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн | 511 | 419 | 81,99 |
| Мадрид системасы боюнча өтүнмөлөрдүн саны, бардыгы | 4844 | 4123 | 85,2 |
| анын ичинен: | | | |
| жаңыдан түшкөн өтүнмөлөр | 3200 | 2595 | 81,1 |
| узартылган өтүнмөлөр | 1644 | 1528 | 92,9 |

*4.4.1-диаграмма*

**2008-2009-жылдары товардык белгилерди каттоого түшкөн өтүнмөлөрдүн саны**




4.4.2-таблицада жана 4.4.2-диаграммада улуттук жол-жобо боюнча каттоого түшкөн товардык белгилердин өтүнмөлөрүн өтүнүүчүлөрдүн кайсы өлкөгө тиешелүү экендиги боюнча бөлүштүрүү келтирилди.

*4.4.2-таблица*

**Улуттук жол-жобо боюнча каттоого түшкөн товардык белгилердин өтүнмөлөрүн өтүнүүчүлөрдүн кайсы өлкөгө тиешелүү экендиги боюнча бөлүштүрүү**

| Өлкөлөр | Өлкөнүн коду | Өтүнмөлөрдүн саны |
|---|---|---|
| *1* | *2* | *3* |
| Кыргызстан | KG | 227 |
| АКШ | US | 125 |
| Россия Федерациясы | RU | 37 |
| Япония | JP | 24 |
| Швейцария | CH | 21 |
| Аргентина | AR | 20 |
| Кытай | CN | 18 |
| Грузия | GE | 18 |
| Улуу Британия | GB | 13 |
| Индия | IN | 13 |

| *1* | *2* | *3* |
|---|---|---|
| Казакстан | KZ | 11 |
| Канада | CA | 9 |
| Корея | KR | 9 |
| Ирландия | IE | 8 |
| БАЭ | AE | 7 |
| Чили | CL | 7 |
| Германия | DE | 7 |
| Индонезия | ID | 6 |
| Люксембург | LU | 6 |
| Түркия | TR | 6 |
| Өзбекстан | UZ | 5 |
| Кипр | CY | 4 |
| Франция | FR | 4 |
| Финляндия | FI | 4 |
| Молдова Республикасы | MD | 4 |
| Чехия | CZ | 3 |
| Лихтенштейн | LI | 3 |
| Украина | UA | 3 |
| Англия | AI | 2 |
| Колумбия | CO | 2 |
| Греция | GR | 2 |
| Мексика | MX | 2 |
| Нидерланд | NL | 2 |
| Швеция | SE | 2 |
| Виргин аралдары | VG | 2 |
| Бразилия | BR | 1 |
| Белоруссия | BY | 1 |
| Бермуд аралдары | BM | 1 |
| Гибралтар | GI | 1 |
| Гонконг | HK | 1 |
| Италия | IT | 1 |
| Польша | PL | 1 |
| Пакистан | PK | 1 |
| Сингапур | SG | 1 |
| Тажикстан | TJ | 1 |
| **БАРДЫГЫ** | | **646** |

*4.4.2-диаграмма*

**Улуттук жол-жобо боюнча каттоого түшкөн товардык белгилердин өтүнмөлөрүн өтүнүүчүлөрдүн кайсы өлкөгө тиешелүү экендиги боюнча бөлүштүрүү**




2009-жылы Кыргыз Республикасынын Товардык белгилеринин мамлекеттик реестринде 648 товардык белгилер катталды.

4.4.3-таблицада 1993-жылдан тартып, 2009-жылга чейин катталган товардык белгилер жөнүндө салыштырмалуу маалыматтар келтирилди.

2010-жылдын 1-январына карата бардыгы болуп Кыргыз Республикасынын аймагында улуттук жол-жобо боюнча 9894 товардык белги катталды.

*4.4.3-таблица*

| **Жылдар** | **Көрсөткүчтүн аталышы** |
|---|---|
| | **Мамреестрде катталган товардык белгилердин саны** |
| 1993 | 6 |
| 1994 | 2029 |
| 1995 | 685 |
| 1996 | 1075 |
| 1997 | 356 |
| 1998 | 489 |
| 1999 | 612 |
| 2000 | 433 |
| 2001 | 295 |
| 2002 | 368 |
| 2003 | 471 |
| 2004 | 331 |
| 2005 | 358 |
| 2006 | 417 |
| 2007 | 665 |
| 2008 | 656 |
| 2009 | 648 |
| **Бардыгы** | **9894** |

4.4.4-таблицада 2009-жылы катталган товардык белгилердин алардын ээлеринин кайсы өлкөгө тиешелүү экендиги боюнча бөлүштүрүлүшү жөнүндө маалыматтар берилди.

*4.4.4-таблица*

| Өлкөлөр | Өлкөнүн коду | Саны |
|---|---|---|
| *1* | *2* | *3* |
| Кыргызстан | KG | 183 |
| АКШ | US | 112 |
| Швейцария | CH | 46 |
| Россия Федерациясы | RU | 40 |
| Кытай | CN | 34 |
| Түркия | TR | 25 |
| Украина | UA | 21 |
| Япония | JP | 20 |
| Казакстан | KZ | 19 |
| Кипр | CY | 18 |
| Корея Республикасы | KR | 13 |
| Лихтенштейн | LI | 12 |
| Улуу Британия | GB | 11 |
| Германия | DE | 11 |
| Индия | IN | 11 |
| Мексика | MX | 9 |
| Польша | PL | 9 |
| Сауд Арабиясы | SA | 7 |
| Бермуд аралдары | BM | 6 |
| Нидерланд | NL | 6 |
| Бириккен Араб өлкөлөрү | AE | 5 |
| Австрия | AT | 4 |
| Финляндия | FI | 4 |
| Колумбия | CO | 3 |
| Тайвань, Кытай провинциясы | TW | 3 |
| Виргинс аралдары | VD | 2 |
| Индонезия | ID | 2 |
| Италия | IT | 2 |
| Латвия | LV | 2 |
| Франция | FR | 2 |
| Бразилия | BR | 1 |
| Дания | DK | 1 |

| 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|
| Израиль | IL | 1 |
| Иран | IR | 1 |
| Люксембург | LU | 1 |
| Швеция | SE | 1 |
| **Бардыгы:** | | **648** |

4.4.5-таблицада жана 4.4.5-диаграммада өтүнүүчүлөрдүн кайсы өлкөгө тиешелүү экендиги боюнча Мадрид макулдашуусуна жана Мадрид макулдашуусунун Протоколуна ылайык эл аралык жол-жобо боюнча өтүнмөлөрдүн бөлүштүрүлүшү келтирилди.

*4.4.5-таблица*

| **ӨЛКӨ** | **2007-жыл үчүн өтүнмөлөрдүн саны** | **2008-жыл үчүн өтүнмөлөрдүн саны** | **2009-жыл үчүн өтүнмөлөрдүн саны** |
|---|---|---|---|
| *1* | *2* | *3* | *4* |
| Австрия | 31 | 58 | 43 |
| Австралия | 2 | 5 | 18 |
| Азербайжан | 1 | 2 | 1 |
| Антил аралдары | 1 | - | 4 |
| Антигуа жана Барбуда | - | 1 | 1 |
| Армения | 2 | - | 1 |
| Белиз | - | 2 | 2 |
| Бельгия | 53 | 80 | 47 |
| Беларусь | 19 | 17 | 15 |
| Болгария | 52 | 31 | 25 |
| Ватикан | - | - | 1 |
| Улуу Британия | 73 | 70 | 44 |
| Венгрия | 303 | 77 | 142 |
| Виргин аралдары | 11 | 10 | 9 |
| Вьетнам | - | 2 | 5 |
| Германия | 427 | 424 | 310 |
| Гибралтор | - | - | 1 |
| Греция | 12 | 5 | 1 |
| Грузия | 21 | 5 | 3 |
| Дания | 20 | 20 | 13 |
| Доминика Республикасы | 3 | 1 | - |
| Египет | 1 | 10 | 7 |
| Израиль | - | - | 1 |
| Индия | - | 2 | 1 |
| Иран | 4 | 16 | 9 |
| Ирландия | 21 | 13 | 10 |
| Исландия | 45 | 74 | - |
| Испания | 58 | 56 | 46 |
| Италия | 211 | 209 | 166 |
| Канада | - | 2 | 2 |
| Казакстан | 19 | 31 | 30 |

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| Кения | - | - | - |
| Кипр | 14 | 14 | 16 |
| Кытай | 158 | 222 | 189 |
| Корея | 6 | 7 | 15 |
| Куба | - | 2 | - |
| Латвия | 25 | 39 | 20 |
| Лихтенштейн | 26 | 58 | 15 |
| Литва | 1 | 12 | 3 |
| Люксембург | 18 | 8 | 18 |
| Мальта | 1 | - | - |
| Македония | - | - | 2 |
| Малайзия | - | 4 | 1 |
| Марокко | - | 1 | - |
| Мексика | 3 | - | - |
| Молдова | 9 | 9 | 2 |
| Монако | 3 | 2 | - |
| Нидерланд | 55 | 60 | 59 |
| Жаңы Зеландия | 1 | 2 | - |
| Норвегия | 4 | 4 | 7 |
| Гернси аралы | 1 | - | - |
| Маврикий аралы | 1 | - | - |
| Пакистан | 1 | - | - |
| Панама | 1 | - | - |
| Польша | 57 | 42 | 58 |
| Португалия | 6 | 6 | 4 |
| Россия | 302 | 391 | 299 |
| Румыния | 4 | 2 | 2 |
| Сан-Марино | 1 | 4 | 1 |
| Сауд Арабиясы | 1 | - | 1 |
| Сербия | 3 | 1 | 12 |
| Сингапур | 7 | 8 | 8 |
| Сирия | - | 1 | 2 |
| Словения | 32 | 67 | 59 |
| Словакия | 7 | 7 | 7 |
| АКШ | 181 | 160 | 91 |
| Судан | - | 2 | - |
| Түркия | 132 | 169 | 114 |
| Өзбекстан | 2 | 1 | 1 |
| Украина | 45 | 74 | 60 |
| Финляндия | 11 | 16 | 15 |
| Франция | 197 | 183 | 223 |
| Хорватия | 7 | 1 | - |
| Чех Республикасы | 12 | 31 | 8 |
| Швейцария | 264 | 286 | 273 |
| Швеция | 9 | 11 | 17 |
| Эстония | 1 | 6 | 1 |
| Япония | 61 | 64 | 34 |
| Бардыгы | **3060** | **3200** | **2595** |

*Мадрид системасы боюнча бардык корголуучу товардык белгилер* - 41586

*4.4.5-диаграмма*




## 4.5 Товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары

2009-жылы товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын каттоого 1 өтүнмө түштү. Товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын каттоо боюнча мүмкүнчүлүктүү өтүнүүчүлөр менен иш жүргүзүлдү.

Бардык корголуучу товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары – 7.

## 4.6 Фирмалык аталыштар

2009-жылы Кыргызпатентке фирмалык аталыштарды каттоого 50 өтүнмө түштү.

4.6.1-таблицада фирмалык аталыштарды каттоого келип түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар берилди.

*4.6.1-таблица*

| Көрсөткүчтүн аталышы | Жылдар | | 2008-жылга карата катышы, % менен |
|---|---|---|---|
| | 2008 | 2009 | |
| Өтүнмөлөрдүн саны, бардыгы: | 51 | 50 | 98 |
| анын ичинен: | | | |
| улуттук өтүнүүчүлөрдөн | 50 | 50 | 100 |
| чет өлкөлүк өтүнүүчүлөрдөн | 1 | - | - |

2009-жылы Кыргыз Республикасынын Фирмалык аталыштарынын мамлекеттик реестрине 44 фирмалык аталыштар киргизилди.

2010-жылдын 1-январына карата 265 фирмалык аталыштар катталды.

## 4.7 Селекциялык жетишкендиктер

2009-жылы 2 өтүнмө келип түштү:

– "Кыргыз тоо мериносу" койдун тукумуна – өтүнүүчүлөр Кырг. ИИЭ жана КР УИАнын Биотехнология институту;

– "Айкөл эт-май берүүчү тукуму" койдун тукумуна – өтүнүүчү "Айкөл" кооперативдик чарбасы.

Отчеттук жылдын ичинде "Кыргыз тоо мериносу" койдун тукумуна патент берүүгө өтүнмөдөн баш тартуу жөнүндө 1 чечим чыгарылды – өтүнүүчү Е.М. Лущихина.

4.7.1-таблицада селекциялык жетишкендиктерге коргоо документтерин берүүгө өтүнмөлөрдүн түшүү динамикасы көрсөтүлдү.

*4.7.1-таблица*

| **Көрсөткүчтүн аталышы** | **Жылдар** | | | | | | | | | | | | | | | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1995** | **1996** | **1997** | **1998** | **1999** | **2000** | **2001** | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | |
| Өтүнмөлөрдүн саны, бардыгы | 1 | 8 | 4 | 15 | 2 | 4 | 1 | 3 | 6 | 2 | 2 | 1 | 5 | 1 | 2 | 57 |
| анын ичинен: | | | | | | | | | | | | | | | | |
| – өсүмдүктөрдүн сортторуна | - | - | 2 | 15 | 2 | 4 | 1 | 3 | 5 | 2 | 1 | - | 3 | 1 | - | 39 |
| – жаныбарлар-дын тукумдарына | 1 | 8 | 2 | - | - | - | - | - | 1 | - | 1 | 1 | 2 | - | 2 | 18 |

2009-жылы Кыргыз Республикасынын Селекциялык жетишкендиктеринин мамлекеттик реестрине 3 селекциялык жетишкендиктер киргизилген.

2010-жылдын 1-январына карата бардыгы болуп Кыргыз Республикасынын Селекциялык жетишкендиктеринин мамлекеттик реестрине 36 селекциялык жетишкендиктер катталды.

## 4.8 Рационализатордук сунуштар

Рационализатордук сунуштарды каттоо башталгандан тартып, Кыргызпатентке улуттук өтүнүүчүлөрдөн рационализатордук сунуштарды каттоого 549 өтүнмө түштү. 2009-жылы өтүнүүчүлөрдөн рационализатордук сунуштарды каттоого 87 өтүнмө түштү.

4.8.1-таблицада 2002-2009-жылдар үчүн рационализатордук сунуштарга өтүнмөлөрдүн түшүү динамикасы көрсөтүлдү.

*4.8.1-таблица*

| **Көрсөткүчтүн аталышы** | **Жылдар** | | | | | | | | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | |
| Өтүнмөлөрдүн саны, бардыгы: | 1 | 84 | 89 | 73 | 81 | 78 | 56 | 87 | 549 |

2009-жылы Рационализатордук сунуштардын реестринде 101 рационализатордук сунуштар катталды. 2010-жылдын 1-январына карата 498 рационализатордук сунуштар катталды.

## 4.9 Салттуу билимдер

2009-жылы салттуу билимдерди каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө 1 өтүнмө түштү (улуттук оюндун түрү).

# V. АВТОРДУК УКУК ЖАНА ЧЕКТЕШ УКУКТАР ОБЪЕКТИЛЕРИН КОРГОО

Кыргызпатенттин негизги милдеттеринин бири – автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин коргоо, жамааттык негизде авторлордун жана укук ээлеринин мүлктүк укуктарын башкаруу.

Отчеттук жылдын ичинде өтүнмөлөр түштү:

– автордук укук объектисин каттоого – 218, 2008-жылга салыштырмалуу өтүнмөлөрдүн саны 5,5%га көбөйдү;

– ЭЭМ үчүн программаларды каттоого – 15, бул 46,4 %га төмөндөдү;

2009-жылы Мамлекеттик реестрлерде катталды:

– авторлор – 157 (5,9 %га азайды);

– чыгармалар – 219 (7,7 %га азайды);

– ЭЭМ үчүн программалар– 16 (40,7 %га азайды);

– маалымат базалары – 3 (көрсөткүч өзгөрбөстөн калды).

Автордук сыйакыларды чогултуунун бардыгы **3 402 182, 27 сомду түздү** (үч миллион төрт жүз эки миң бир жүз сексен эки сом 27 т.).

2008-жылга салыштырмалуу 2009-жыл үчүн автордук сыйакыларды чогултуунун өсүшү пайыздык катышы боюнча **10,5 %**га көбөйдү.

«Каракчылык» жана контафактуу продуктулар менен күрөшүү максатында Бишкек шаарынын укук коргоо органдары менен бирге иш-чараларды уюштурушту жана өткөрүштү.

2009-жыл үчүн «Каракчылык» деңгээлин аныктоо үчүн аудио жана видеопродуктулардын рыногуна талдоо (мониторинг) жүргүзүлдү, алар төмөнкүлөрдү түздү:

Первомайский район – 72,10 %;

Ленин району – 98,02 %;

Октябрь району – 94,03 %;

Свердлов району – 92,77 %.

Негизинен болуп Бишкек ш. боюнча каракчылык деңгээли 89,23 %ды түздү.

Укук коргоо органдарынан жана башка жеке жана юридикалык жактардан түшкөн изилденген продукция 5.1.1 таблицасында көрсөтүлдү:

*5.1.1-таблица*

| № | Продуктулардын аталыштары | Жалпы саны |
|---|---|---|
| 1 | MP3-форматындагы компакт дисктер | 1621 нуска |
| 2 | Audio CD-форматындагы компакт дисктер | 310 нуска |
| 3 | DVD-форматындагы компакт дисктер | 89602 нуска |
| 4 | ПК *(программалык камсыздоолор)* | 56 нуска |
| 5 | Play Station үчүн оюн CDлери | 225 нуска |
| 6 | PC үчүн оюн CDлери | 1473 нуска |
| **Бардыгы:** | | **93287 нуска** |

Укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлери, ошондой эле Кыргызпатенттин кызматкерлери үчүн «Интеллектуалдык мүлк укуктарын коргоо» темасы боюнча кыска мөөнөттүү курстар уюштурулду жана жүргүзүлдү:

- КРнын Мамлекеттик интеллектуалдык интеллектуалдык мүлк кызматы – 31 угуучу;
- КРнын Мамлекеттик Финансы полиция кызматы – 12 угуучу;
- КРнын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы – 11 угуучу;
- КРнын Сот департаменти – 4 угуучу.

Бардыгы: 58 угуучулар.

# ЛИЦЕНЗИЯЛЫК КЕЛИШИМДЕРДИ КАТТОО

2009-жылдын ичинде Кыргызпатентке келишимдерди каттоо үчүн 71 өтүнмө түштү.

Эксперттөө жүргүзүлгөн жана 76 келишим катталган.

*Катталган келишимдердин ичинде:*

– өзгөчө лицензия берүү менен товардык белгилерди пайдаланууга 3 лицензиялык келишим;

– өзгөчө эмес лицензия берүү менен товардык белгилерди пайдаланууга 8 лицензиялык келишим;

– өзгөчө эмес лицензия берүү менен өнөр жай үлгүлөрүн пайдаланууга 1 лицензиялык келишим;

– өзгөчө эмес лицензия берүү менен программалык продуктунун мүлктүк укуктарынын бөлүгүн пайдаланууга 1 лицензиялык келишим;

– товардык белгилерге ыктыярдуу укук берүү жөнүндө 63 келишим.

